# Өзгөчө желпигич



Автор: Айдай Бекбоева

Сүрөтчү: Эмилия Алахунова

# Өзгөчө желпигич

Автор: Айдай Бекбоева
Сүрөтчү: Эмилия Алахунова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Өзгөчө желпигич" (кыргыз тилинде), автор Айдай Бекбоева, сүрөтчү Эмилия Алахунова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Бүгүн көркөм өнөр сабагында мугалим желпигич жасаганды үйрөттү. Адегенде, балдарга кагаздан жасалган вариантын көргөздү. Марат барактын бүктөмүн чоңураак алыптыр, аныкы чоң бүктөм болуп калды. Болоттуку жакшы эле келе жатып, барагы дал ортосунан айрылып калса болобу. Класста күлкү жаңырды. Жаркынай шашкан жок. Ал адегенде баракка кооз гүлдөрдүн сүрөтүн тартты. Анан дыкаттык менен желпигич жасап желпиди эле, балдар аны кызыгып карап калышты. Көрсө, буга да колдун ийкемдүүлүгү, ойлонуу керек экен.


– Желпигич ысыкта сонун белек болот, – деп кошумчалады мугалим, анан бирден үлгүсүн таратып берди.


Балдар жаккан кездемени алып, жасап башташты.

Бул иш Эсентурга абдан жакты. Айтмакчы, өтө деле кыйын эмес экен. Аны жасаш үчүн керектүү материалдар дээрлик ар бир үйдөн тапса да болот. Эсентурга бир ой келди. Жакында карындашы Алтынайдын туулган күнү болот. Ал өз колу менен дал ушундай желпигич жасап, карындашын кубанткысы келди.

Кечке маал желпигич жасоого киришти. Ага төмөнкүлөр керек болду:

– метр
– кездеме
– сызгыч
– кайчы
– калем
– ийне
– жыгач таякчалар (ондон жыйырмага чейин)
– клей
– кичине зым





– Апа, мен желпигич жасайын дедим эле. Кездеменин кесиндилери керек болуп жатат. Алтынайга белек даярдап жатам.

– Кел, анда экөөлөп жасайлы.

– Албетте, жакшы болот, – деп сүйүнүп кетти Эсентур.

Алар желпигичти жөнөкөй жибек кездемесинен жасоого киришти. Желпигич жасоо үчүн мугалим берген даяр үлгүнү алды. Эсентур бардыгын кылдаттык менен өлчөп чыкты. Желпигичтин үлгүсүн ачып, анын туурасынын өлчөмүн алды. Апасы экөө үч сантиметрден сызгыч менен ченеп, калем менен белгилешти. Метрди колдонуп, ар бирине белги коюп, сол жана оң жагына бир сантиметрден кошушту. Эсентур кисточка менен кездемеге клей сүйкөп, бирден жыгач таякчаларды салып чаптады.



– Бул желпигичтин өзүнүн тарыхы бар. Кытай өлкөсү желпигичтин мекени болуп эсептелет. Биздин заманга чейинки, 11-кылымда пайда болгон дешет. Алар бири-бирине урмат-сый жана башка эмоцияларды желпигичтин жардамы менен билдиришкен экен.

Ал эми желпигичтеги ар түрдүү кооз сүрөттөр бакыт, сергектик, ден соолук, ийгилик тартуулаганды билдирет деп эсептешкен, – деди апасы сөзүн баштап.

– Мм, бул маалымат абдан кызык экен. Желпигичтин тарыхы жөнүндө балдарга айтып берем.





Апасы бардык таякчаларды түздөп, Эсентурга жардамдашып жатты.

Желпигичте тешиктерди көзөө үчүн канцелярдык ийне колдонушту. Анткени жыгач таякчалардын ортосу желпигичти ачканда анын жалпак бойдон калуусу маанилүү эле. Мына, Алтынай үчүн жагымдуу белек даяр болду. Эми аны сейилдөөдө, бийде, унаада да колдонсо болот.

– Мага дагы бирди жасап бересиңби? – деп жылмайды апасы.

– Ооба, жасайм. Сиз айткандай, бакыт жана ден соолукту билдире турган сүрөттөрдү кошуп, эч кимде жок, эң кооз, *өзгөчө желпигич* жасап берем...

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Айдай Бекбоева
Сүрөтчү: Эмилия Алахунова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - **3.1 деңгээли**
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли